УДК 894/341

Шамшиев Б.

*Чүй университети*

# САЯСИЙ РОМАНДЫН САБАКТАРЫ

*Макалада А.Алдашевдин романдары, совет мезгилинде жабык деп эсептелинип келген саясий тематикадагы роман тууралуу сёз болот.*

Абдулхай Алдашевдин "Жертөлөдө ой толгоо" (1997), "Казат селинде" (1998), "Өх, бүттүкпү!" (2000) үчилтигиндеги негизги конфликт – кош системанын кагылышы, идеологиялык тиреши экинчи дүйнөлүк согуш майданында жыйынтыкталат. Мына ушул ачуу акыйкаттын артында миллиондордун өмүрү, көз жашы, кубаныч-кайгысы, арыз-арманы, өктөлүү өмүрдүн муң-зары турган. Согуштун катаал чындыгы А.Алдашевдин романында капитан Байсаловдун иш-аракети, дүйнө таанымы аркылуу көрсөтүлөт. Байсалов эки жыл ашуун урушта жүрүп, адам өлүмүнө анчалык деле кейибей, боло жүрчү иш катары кабылдап калган. "Мени менен Оштон бери бирге келип, бир үй-бүлөнүн ага-ини балдарындай болуп калган жолдош солдаттарым өзүмдүн көз алдында курман болуп, кээсинин колу-буту үзүлүп, кээсинин баш сөөгү быркырап, мээси чачырап, көздөрү чанагынан чыгып салбырап тумшугуна түшкөн өлүктөрдү биринчи көргөндө акыл-эсимди жоготуп, өпкөм кысылып, жүрөгүм оозуман ыргып кетчүдөй дүпүлдөп, башым айланып окшуган элем, – дейт ал. – Согуштун ырайымсыз чындыгы бул окшогон окуяларга улам-улам кабылтып күндөн күнгө адамдын табигый коркуу сезимдерине тие берип, чүнчүтүп отуруп, акыры денөлүк кылып таштайт бейм? Азыр эмнегедир он эсе тирүкмүштүү өлүктөрдү көрсөм да, күндөлүк тиричилик оокаттагы көндүм көрүнүштөй болуп баратат, кудай сактай көр!" [1, 31-б.].

Согуштун качан аяктары белгисиз, кыйын кезеңде сырдаш болуп калышкан майор Дорфман менен капитан Байсаловдун канмайдандан аман чыгар-чыкпасы да арсар. "Бүткүл дүйнө калкы жаат-жаат болуп, бири-биринен шектенип, биринин ийгилигин бирөө көрө албай кызганып, жаңжал чыгарышып, ынтымак ордуна ырк бузууну, калыстык ордуна калпыстыкты тандап, акылды ачууга тебелетип, жумурткадан кыр, жок жерден кыйкым таап чырдашканын, айлакердикке, амалкөйдүккө берилип, курал-жабдыкка таянып, көптүгүнө, көктүгүнө, төбөлдөрү тапкан идеологиясына баш-оту менен ишенип бүлүк салуусун токтотпосо, элдин көбү кырылып жок болот да, атасы баласына, баласы өз баласына, анысы өз тукумуна башынан өткөргөн жоруктарын айтып үлгүрө албай", өткөндүн сабагы кийинки муунга белгисиз калат. Андай күнгө туш келген адамзат бүгүнкү күнү менен гана жашап ка-лышы мүмкүн. Нака трагедия ушул.

Дорфманды ойлонткон маселенин маңызы кайсы бир жеке адамдын кайгы-муңунан өйдө көтөрүлүп чыккан коомдук маани-мазмунга өтүп, саясий системанын азап-шорун аныктап калган болчу. Жаркын идеяларга сугарылган өлкө бирин-экинчисине тыңчы кылып, тегерек-четин бекем "темир торго" чырмап, жалаң зордук-зомбулукка ишенип жашашы кыйын. "**Отуз жетинчи жылдан** кийин бир кулагыңа бир кулагың тыңчы, бир көзүңө бир көзүң сынчы, бала атага айгак, тууган тууганга сайгак болуп, өз көлөкөңдөн өзүң коркуп, өз оюңдан өзүң чочуп, кошунаң кошунаңа жоо болуп тынчтык кетип, калк калайман түшүп сапырылып, бейкуттук безе качып, жан дүйнөң тирүүлөй азапка капилеттен кабылып, карайлаткан мүңкүрөк заман келип, прогрессивдүү ой-пикирлерге тыюу салынып, кулча "куп", малча "ма-а" деп жашоо нормага" айланып калган.

Жертөлөдөгү "турмуш университетинин" биринчи сабагы чейрек кылым жашаган коммунисттик системанын кандайлыгын капитан Байсаловдун аңдоого жетишүүсү, көз алдында өтүп жаткандарды көрө абай келгенин билип алуусу болду окшойт. Кыштын узун түндөрүндө сыр бөлүшкөн майор Дорфман "отуз жетинчи жылкы окуяны айтып берип, Кудайдын алдында берген" убадасын аткарып, согуш бүтөргө чукул курман болду. Бул жашоодо ал түбөлүк эч нерсе жоктугун, "күн менен түн, кыш жай менен, ысык суук менен, күлкү ый менен, балалык карылык менен, учурашуу коштошуу менен, биригишүү

ажырашуу менен алмашып, бүт дүйнө дайым дөңгөлөктөй чими-рилип, маңгиликтин убакыт закымында, кайдадыр белгисиз, өлчөсү жок мей-киндикте зыркырап, “Болочок” деген” сырдуу континентке алып-учуп барат-канын жакшы билчү.

Байсаловдун опуртал заманда деле өз алдынча ойлонгон адамдар бар экендигине күбө болушу, 1937-жылдын шойкону, идеологиялык эрегиштин маани-жайынын башка өңүттөн ачылышы анын “турмуш университетиндеги” ири бурулуш, түшүнүксүз нерселеринин так “жообун” таап алышы анын кысталыш канмайдандагы сейрек бактысы болчу. Эми анын алдында майор Дорфман экөөнүн кыштын узун түндөрүндөгү аңгемесин башкаларга жеткирүү милдети турган. Белорус токоюндагы эки муун өкүлү чубап чыгышкан чоң сырдын келеби кийинкилерге сабак болушу үчүн аны айтып бериш керек эле. А.Алдашевдин үчилтик романынын башкы идеялык өзөгүн түзгөн негизги окуянын маани-жайы ушундай. Буга кошулуп романдын проблематика-сынан дагы бир суроо калкып чыгат: Улуу Атамекендик согуштун азап-тозогу аз келгенсип, өкүмзор бийлик тушундагы “кызыл кыргындын” капшабына кабылган миллиондордун бейажал өлүмүнө, убал-сообуна кимдер жооп берет?

А.Алдашевдин саясий романынын кыргыз согуш прозасына алып кирген жаңылыгы – жанрдын сүрөттөө масштабынын тереңдешин, “буржуазиялык эпос” коомдук турмуштун курч проблемаларын кыйгап өтпөй, аларды батыл козгой баштаганын ырасташында. Автордун согуш темасынын улут адабиятында дээрлик козголбогон саясий өңүтүнө кайрылышынын өзү үчилтикти кыргыз романдарынан айырмалап турат, аны кайсы бир деңгээлде чыгарманын идеялык өзгөчөлүү белгиси десе да болот. Себеп дегенде, андан мамлекеттин жасаган иши менен алдыга сүрөгөн идеясынын ортосунда асман-жердей айырма турганда жаркын коомду куруу мүмкүн эместиги, эркин саясий институттары калыптана элек өлкө дамамат опуртал экспери-менттерден башы чыкпастыгы, популисттик максат-мүдөө артынан зордук-зомбулук, өкүмзордукту ала келери жөнүндөгү бүтүм өзүнөн-өзү келип чыгат. А.Алдашевдин саясий романынын идеялык лейтмотивин түзгөн мына ушул идея эки каармандын диалогунда, автордук баяндоолордо логикалык чегине жеткирилет.

Орусиядагы 1917-жылкы социалисттик революцияны “кызыл террор” саясаты коштой чапканы, И.Сталиндин бийлиги тушунда жетер чегине жетип, жолундагыны жойпой берген жазалоо машинасына жалаң жеке адамдар эмес, чоң тайпа журт, караламан калк, бүтүндөй элдер кабылганы маалым. “Өткөн кылымдын аягында, бул кылымдын алгачкы он жылдыгында айрымдар ойлошкондой, саясий бийлик менен мораль такай жаңыланып, жакшырып турбайт экен, – деп жазган Л.Троцкий Сталиндин саясий бейнесине арналган эмгегинде. – Саясат менен моралдын татаал жана карама-каршылыктуу айлампасынын кучагынан чыгыш да мүмкүн эмес” [2, 16-б.].

Л.Троцкийдин социалдык кризис күчөй баштаганда мамлекеттик бийлик бардык уят-сыйытты жыйыштырып, каардуу жазалоого киришери жөнүндөгү пикиринин тууралыгын тарых өзү ырастап берди. А.Алдашевдин романында бул маселе башкача өңүттөн талкууланат, анда большевиктик репрессия сырттан таңууланганы, аты аталбаган кайсы бир чет өлкөнүн жашыруун кызматы “отуз жетинчи жылдын чыныгы авторлору (чет элдик шпиондор) жасаган залим саясат” экени белгиленет, “Сталинде деле башка адамдар сыяктуу кемчилик бар, бирок адилеттүү адам” экени маалымдалат. Буга кошумча, көркөм сөздүн таанымал чебери А.М.Горькийдин өзү “пролетариат диктатурасынын “зордук-зомбулугу” убактылуу” экенин, бул “мурунку буржуазиялык коом менен он миллиондогон табият кулдарын кайра тарбиялап, аларды өлкөнүн жападан-жалгыз кожоюнуна айлантыш жана сан жеткис байлыктардын ээси кылыш үчүн сөзсүз” керектигин “Маданият чеберлери, силер кимдер мененсиңер?” деген кайрылуусунда ачык эле жазган [3, 32-б.].

Көпчүлүк кыргыз сүрөткерлери үчүн социализмден ашкан саясий жыргал система жок болчу, ошондон коммунисттик партия, анын жолбашчылары, бийлик сунуштаган идеологияны чын дилден жактырып, мактоо айтууну эрен-төрөн көрүшкөн эмес. Алдагыдай “жалпы маанайдын” жанында А.Алдашевдин согуш темасынын башкалар

айтууга батына албай келген өңүтүн ачып, советтик системанын “быкыйын” чукуп салышы, биралды, күтүүсүз, экинчи жагынан, мыйзам ченемдүү көрүнүштөй кабылданып жатышы ошондон. Буга чейин ушундай “күтүүсүздүк” У.Абдукаимовдун “Майдан” романы жарыяланган кезде пайда болгон.

Чоң турмушка жаңыдан аралашып жаткан капитан Байсаловго өзү катышып аткан согуш эки идеологиянын келишпес күрөшүнөн келип чыкканы, чынында, жаңылык болчу. Идеология ал үчүн абстракттуу, жөнжай адамдардын турмушуна анчалык тиешеси жоктой сезилчү. Бири экинчисинен анча айырмаланбаган кош идеологиянын күрөшүнөн бирөө сөзсүз жеңишке ээ болуп чыкмак. Ошон үчүн капитан Байсалов “мурдагы идеологиялык куралдар” жаңыланышы керектигин ойлоп, антпесе “Европадан кайткан” жоокерлердин “ооздорун басуу” кыйынчылыкка турарын эстеп, эмитен эле бейпайга түшүп отурбайбы. Коммунисттик “темир тордун” ичинде сырт дүйнөдө эмне болуп жатканынан кабарсыз калкты башкаруу жеңил эле. Коммунисттик догма, канондорго ишенбеген интеллигенттер саясий-маданий борборлордон алыска куулуп, көбү жок кылынып, “жаңы курулушту” баштоого шарт түзүлүп, “коммунисттик аянтча” тазаланып калган.

Эми жеңишке жакын калганда коммунисттик системанын дагы бир “баш оорусу” чыкты, европалык турмушту көрүп калган жоокерлердин оозун кантип тыйышат? Макталган коммунизмдин кандайлыгын кашкайта көрсөткөн капиталисттик турмуш дагы бир маселенин башын кылтыйтат. “Экономикалык саясатыбызды жалаң гана коомдук өндүрүштү өөрчүтүүгө багыттабастан, адамдын жеке турмушун жакшыртууга, анын материалдык байлыгын жогорку деңгээлге көтөрүүгө да бурбасак, жылаңач патриотизм, коммунисттик эстүүлүк мурдагыдай жемиш бере албасы бизге, согушка катышып жүргөндөргө, ашкере билинип калды, – дейт капитан Байсалов. – Немистин өлгөн солдаттарынын ар биринин колунан саат, жанбаштыгынан тиш щетка, тиш паста, устарамашине, жүзаарчы, сүлгү, күзгү, чөнтөктөрүнөн үй-бүлөсүнүн сүрөтүн, автокалемин жана ушул сыяктуу керектүү буюмдарды көрөбүз. А биздин солдаттарыбыз турмак, офицерлерибизде да булар жок” [ 1, 182-б.].

Согуштун сырт көзгө анча байкалбаган мына ушул көрүнүшү атаандаш системалар ортосундагы жагдайды дагы курчутат, Европа турмушун көргөндөн кийин коммунисттик үгүт-насаатка ишенген жоокерлердин көңүлүнө күдүк уялап, арасат ойдо калышат. Байсаловго “бул согуш эки карама-каршы тирешкен системанын кимисинин курал-жабдыгы канча көптүгүн, күчтүүлүгүн, жан дүйнөсү канча бийиктигин, кара күчүнүн канча артыкчылыгын, бекемдигин, туруктуулугун, чыдамкайлыгын гана сыноо болбостон, маданий жана тиричилик байлыгынын деңгээлин да ашкерелөө сынагы болуп атат” [1, 183-б.].

Романдын көркөм лейтмотивин идеологиялык күрөш түзөрүн Кеңешбек Асаналиев да белгилеп, А.Алдашевдин саясий темадагы роман-эссеси фашизм менен коммунизм идеологиясынын үндөштүгүн, экөөнүн айырмасына караганда жалпылыктары, өзгөчөлүктөрүнө караганда үндөштүктөрү ар-бындыгын ырастай тургандыгын жазган: “Ошентип, ар биринин идеологиялык көздөгөнү умтулган түпкү максаты дүйнөгө бийлик жүргүзүү болсо, ал эми андай чексиз зоболого жетишүүнүн бирден-бир жолу согуш болсо, анда булар сөзсүз түрдө кандайдыр бир чекитте кандуу кагылышта жолукпай коймок эмес. Фашизмдин улам Чыгышты көздөй, коммунизмдин Батышты карай акырындык менен жылып баратышы дал ушул кандуу кагылыштын ылдамдашына жана башталышына апкелди. Маселенин нукура маңызы мында турат: миллиондогон кырчындай жаштар “Родина” деп жан берип, бирок ушул ыйык сөздүн ар жагында, негизинде каардуу идеология жатканын билишкен да жок, түшүнүшкөн да жок.

Миллиондогон курмандыктардын трагедиясы мына ушунда. Роман мына ушул трагедия жөнүндө” [4.].

Ушул эле пикирин улай сынчы “романдын философиялык доминантасы каардуу согуштун дал чордонунда калган жеке адамдын тагдырын көркөм изилдөөгө” багытталганына токтолуп, “А.Алдашевдин трилогиясы - көп түрдүү көркөмдүк каражаттардын синтезинен жаралган роман-эссе, чыгарма өзүнүн мазмундук жана

көркөмдүк ачылгалары боюнча постсоветтик кыргыз адабиятынын жаңы доорун” ачканын белгилеген.

Арийне, сынчынын “постсоветтик кыргыз адабиятынын жаңы доору” түшүнүгү - тактоону талап кылчу маселе. Кыязы, автор 37-жыл темасына арналган чыгармалардын арбын жарыялана башташын мына ушул жаңы доорго байланыштырса керек. Улут адабиятынын кечээкиси менен бүгүнкүсүнө кылдат баам таштап келаткан сынчынын А.Алдашевдин романын улуттук көркөм сөз өнөрүндөгү жаңы доор катары сыпаттап ийиши биралдын мына ушул эмоционалдык жагдайдан улам чыгышы деле мүмкүн.

Өмүрүнүн соңку жылдарында К.Асаналиев кыргыз романистикасындагы эки жаңы көрүнүшкө атайын көңүл буруп, К.Тыныстановдун трагедиялуу тагдыр жолун баян кылган С.Станалиевдин “Чагылгандын көз жашы” менен А.Алдашевдин “Жертөлөдө ой толгоо”, “Казат селинде”, “Өх, бүттүкпү!” романдары тууралу макалаларын жарыялады. Кыргызстандын социализм доорунун кыйла эле карама-каршылыктуу, кайгылуу учурун чагылдырган бул чыгармалар негедир башка сынчы-адабиятчылардын баамына урунбады, талаш-тартыш туудурбады. Антейин десең, мамлекеттик жазалоонун ойго келбес дагы бир көрүнүшүн чагылдырган Ө.Даникеевдин “Арман” (2005) роман-эссеси деле ушундай тагдырга туш келди. “Арман” романында бир үй-бүлөнүн тагдыры аркылуу мамлекеттик кандуу жазалоого кабылган элдер менен адамдардын өкүтү сүрөттөлөт. Согушта туткунга түшүп калган атасы үчүн айылда калган баласы менен аялы Сибирге сүргүнгө айдалганы, мындай мүшкүлгө кыйла үй-бүлө кабылганы көрсөтүлөт. Ошол “чыккынчынын” жакындары делген адамдар менен жүк ташуучу вагондорго отурарга орун жок шыкалып узак жолдо кезерип ачка баратышканда улуулар сураган сайын тогуз жашар Сабыр көнгөн ырын улам кайра баштан ырдап кирет. Балалыгы сүргүндө өткөн Сабыр ошондогу ырын өмүр бою эсинде сактап калат.

“Кучактатып мойнунаан,
Алма берип колунан,
Сталин өз атабыз.
Жыргап-куунап жатабыз...”

Балага эмне шам, үйрөнгөнүн айтат да. Анын маңыз-маанисине түшүнүп коюппу. Ушу күнгө дейре ачык-даана элестете албайм, апамдар бул ырды укканда кандай асерде болгонун.

Байкаганым – унчукпай жөн гана мыйыгынан жылмайгансып коюшчу. “Сталин өз атабыз”. Анан өз атанын кылган иши ушубу” [ 5, 16-б.].

Романда сүрөттөлгөн окуяларды бир четтен эске салган Сабыр карыянын: “Кайсы бирин айтайын, кыйын болгон, кыйын болгон. Үркүндү, отузунчу жылдардагы ачарчылыкты уккан элек. Уккан бир, а андай “апаатыны” өз көзүң менен көрүү... Анын баарын баштан аяк санактап олтуруу кайда, мүмкүн эмес. Канчалык бел байлап, дымак артпагын, ага жүрөгүң даабайт, дитиң барбайт. Ал бүтүндөй бир жамааттын аза күйүтү, жана кандай эле?.. Трагедиясы да” экенин ырастап отурушунун жөнү бар [5, 36-37-б.].

А.Алдашевдин романы - улут адабиятыбызда белгилүү деңгээлде согуш прозасынын көркөм салт, эстетикалык тажрыйбасы топтолуп калган кезде жаралган чыгарма. Чыгармада адам-коом проблемасы саясий-философиялык өң-түс алып, бийликтин туу чокусуна чыгып алган адамдын демилге, аракети менен мамлекеттик масштабга көтөрүлгөн кандуу жазалоонун калабасы эңгезер өлкөнүн ар бир үйүнө жетип, андан “боору бүтүн, башы эсен” кул-пенделердин өтөлө аз калганы көрсөтүлөт. Совет бийлиги жарыя айтуудан жалтанган “көлөкө жагы” өлкөнүн чоң түрмөгө айландырылып салышы болчу. “Мунун баары бекем нукка салынган система! Аны он жылдап тургузушту, ашыкпай жасашты. Курсагы ток, кийими бүтүн, дегеле шашпаган адамдар жасашты”, – дейт А.Солженицын [6, 435-б.].

Авторитардык бийлик тушунда пикирлердин көп түрдүүлүгүнө эч качан жол берилбейт, өз алдынча ой жүгүрткөндөр кысымга алынат, мамлекеттин опсуз чоң машинасы бир гана адамдын эрки, каалоосуна ылайык иштеп, буга көпчүлүк айласыздан көнүп, башкача көз караш, позицияны өзү эле жуутпай, жазалоо механизминин бир

бөлүгүнө айланып чыга келет. Аны Байсаловдун мынабул монологу деле ырастап бере алат: “Кокус бирөөлөрдүн башына жекече ой келип, анысы менен бөлүшсө, анын жакшы-жаманын талдабай, коомго пайда-зыянын аңдагыбыз келбей, жогорудан чыккан идея болбогондуктан, дароо өгөйлөп, тиешелүү жерге жеткирүүгө шашабыз. Мындай жорук отуз жетинчи жылдан бери калк арасына сиңип, өнөкөткө айланып калган эмес беле” [1, 84].

А.Алдашевдин үчилтиги улут адабиятыбыздын өнүгүш жолундагы үлкөн көркөм окуялардын бири. Коомдук аң-сезим өткөнүн аңдап, ага реалдуу баа берип, тарыхый натыйжасынан сабак алмайын учурдагысын аныктай албай, болочогун арсар элестетип арасат жолдо калышы ыктымал. Өткөндү аңдоо кимдир бирөөлөрдүн көңүл каалоосунан көтөрүлүп чыккан сөз эмес, объективдүү муктаждык болуп калышы керек. А.Алдашевдин саясий романынын негизги сабагы ушул.

Адабияттар:

1. Алдашев А. Жертөлөдө ой толгоо. Саясий роман. – Бишкек: Кыргызстан, 1997.
2. Троцкий Л. Сталин. В двух томах. – М.: Издательство политической литературы, 1990, 1-т.
3. Называть вещи своими именами. Программные выступления мастеров западно-европейской литературы XX века. – М.: Прогресс, 1986.
4. Асаналиев К. Эки нардын ортосунда...//Эркин Тоо. -1998. -11-ноябрь.
5. Даникеев Ө. Арман. Роман-эссе. – Бишкек: Учкун, 2005.
6. Солженицын А. Архипелаг ГУЛАГ. 1918–1956. Опыт художественного исследования. 1 – 2. Малое собрание сочинений, т. 5. – М.: Инком –НВ, 1991.